**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**6-класс**

**Оң жактагы текстти окугула.**

***1-тапшырма.***
Алина 2 дептер, 2 альбом, жана 2 калем сап сатып алды. Алина дүкөндө бардыгы канча сомун коротту?




**Жообун чыгарылышы менен жазгыла:**

**Дүкөндө**

Апасы Алинаны нан алып келүү үчүн 300 сом берип, дүкөнгө жиберди. Алина 2 нан жана 1 бөтөлкө айран алды да 120 сом төлөдү .

Кетип бара жатып окуу-курал саткан бөлүмгө кирип калды. Ал дептер, альбом жана калем сап сатып алгысы келди.



**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүү чөйрөсү: колдонуу
- Контекст: жеке
- Деңгээли: орточо (продуктивдүү)
- Жооптун форматы: кыска жооп берүү
- Баалоо объектиси: рационалдык сандар менен эсептөөлөрдү жүргүзүү
- Максималдык балл: 2 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | 216 сом<br>Мүмкүн болгон чыгарылыштар:<br>120+15+31+50=216 же<br>120+2×7,50+2×25+2×15,5=216 же<br>120+2(7,5+25+15,5)=120+2×48=120+96=216 |
| 1 | 216 сом, бирок чыгарылышы толук эмес болсо |
| 0 | Башка жооп тандалса же жооп жок болсо |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***2-тапшырма.***

Алина азык-түлүк сатып алгандан кийин калган акчасына, 2 дептер жана 4 альбом сатып ала алабы?










*Туура жоопту тандагыла:*

- Сатып ала алат
- Сатып ала албайт

**Жообун түшүндүрүү менен жазгыла:**

**Дүкөндө**

Апасы Алинаны нан алып келүү үчүн 300 сом берип, дүкөнгө жиберди. Алина 2 нан жана 1 бөтөлкө айран алды да 120 сом төлөдү .



**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүү чөйрөсү: туюндуруу
- Контекст: жеке
- Деңгээли: орточо (продуктивдүү)
- Жооптун форматы: кыска жооп берүү
- Баалоо объектиси: сүрөттөгү жана тексттеги маалыматтар менен иштөө; рационалдык сандар менен эсептөөлөрдү жүргүзүү
- Максималдык балл: 2 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | «Сатып ала алат» деген жооп тандалса.<br>Мүмкүн болгон түшүндүрмө:<br>$120+7{,}5\times2+4\times25=120+15+100=235$<br>$300>235$ |
| 1 | «Сатып ала алат» деген жооп тандалып, түшүндүрмөсү толук эмес болсо же эсептөөдөн бир ката кеткен болсо |
| 0 | “Сатып ала албайт” деген жооп тандалса же жооп жок болсо |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***3-тапшырма.***

Алина мурда ушул буюмдарды 230 сомго сатып алчу, ал эми арзандатуудан кийин сатып алган буюмдардан ашкан акчага төмөндөгү канцтоварлардын ичинен эмне сатып ала алат?










**Бир нече туура жоопту тандагыла:**

А) 3 дептер
Б) 1 калем сап жана 1 дептер
В) 1 дептер жана 2 калем сап
Г) 1 альбом

**Дүкөндө**

Дүкөндө бардык товарларга 10% арзандатуу болуп жаткан. Алина ошол канцелярдык товарларды саткан дүкөнгө келип, акварель боёкторун, түр карандаштарды жана альбом сатып алды.



**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүү чөйрөсү: туюндуруу
- Контекст: жеке
- Деңгээли: орточо (продуктивдүү)
- Жооптун форматы: бир нече жоопторду тандоо
- Баалоо объектиси: сандын пайызын эсептөө, чоңдуктарды салыштыруу
- Максималдык балл: 2 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | А жана Б деген жооптор тандалса |
| 1 | А жообу же Б жообу тандалса |
| 0 | Башка жооптор тандалса же жооп жок болсо |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***4-тапшырма.***

Дүкөндөн Алина таттуу нерсе жегиси келди. Ал чоң, бирок шоколад менен эмес жана баасы эң арзан балмуздак сатып алды. Алина кайсы балмуздакты сатып алды?

**Жообун түшүндүрүү менен жазгыла:**

## Балмуздак

Балмуздак – сүт азыктарынан, ар кандай кошулмалар кошулуп жасалат жана тоңдурулган болот. Балдардын баары аны жакшы көрөт. Балмуздак – бул бүткүл дүйнөгө эң белгилүү таттуу.




**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: белгисиздик жана маалыматтар
- Баалоонун компетенттүү чөйрөсү: ой-жүгүртүү
- Контекст: жеке
- Деңгээли: төмөнкү (репродуктивдүү)
- Жооптун форматы: кыска жооп берүү
- Баалоо объектиси: маалыматтар менен иштөө
- Максималдык балл: 2 балл
- Баалоо жолу: компьютердик

**Баалоо системасы**

| Балл | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | Берилүүгө мүмкүн болгон жооптор:<br>Чоңдору:<br>Шоколад менен 120 г<br>Крем-брюле 120 г<br>Кулпунай менен 120 г<br>Шоколад менен эместери:<br>Крем-брюле 120 г<br>Кулпунай менен 120 г<br>Баасы боюнча эң арзан турганы – кулпунай менен |
| 1 | Кулпунай менен, түшүндүрмөсү толук эмес болсо |
| 0 | Башка жооптор тандалса же жооп жок болсо |